**ЭКОНОМИКА**

**УДК. 631.3.45.52**

# ИШКАНАЛАРДАГЫ КРИЗИСТИН СЕБЕПТЕРИ

***Атантаев И.А.,*** *э.и.д., профессор, И.Разаков атындагы КМТУ, Кыргызстан, 720044, Бишкек ш., Ч.Айтматов пр.,66. E-mail: atantaev_ia@mail.ru*

**Аннотация.** Статьяда, ишканалардагы кризистин себептерин анализдөөнүн негизинде, анын жаңы классификациясы сунушталат.

**Түйүндүү сөздөр:** Ишканадагы кризис, кризистин себептери, кризистин белгилери.

# ПРИЧИНЫ КРИЗИСА НА ПРЕДПРИЯТИЯХ

***Атантаев И.А.,*** *д.э.н., профессор Кыргызского технического университета им. И.Раззакова, Кыргызская Республика, г. Бишкек, пр. Ч. Айтматова, 66. E-mail:* ***atantaev_ia@mail.ru***

**Аннотация.** В статье, на основе анализа причин кризиса на предприятиях, предлагается новая их классификация.

**Ключевые слова:** Кризис на предприятиях, причины кризиса, признаки кризиса.

Өндүрүштүк ишканалардын өнүгүүсүнүн жана функцияланышынын кризистик кубулуштарынын себептерин изилдөө чет өлкөлүк окумуштуулар тарабынан көп жылдардан бери жүргүзүлүп келүүдө.

Алардын айрымдарын карап көрөлү.

**Флееде – Альтовдун изилдөөлөрү** [1]. Ал жапа чеккен ишканалардын кризиске чалдыккандагы проблемаларын чечкен биринчи окумуштуу болучу. Ал жүз жыйырмага жакын жапа чеккен ишканаларды изилдеп, кризистин себептерин экзогендик жана эндогендик түрлөргө бөлгөн. Кризистин негизги экзогендик себептерине Флееде-Альтов боюнча: ишкананын укуктук формалары, уюштурулушу, башкаруусу, орун алышы, ошондой эле ишкананын негизги факторлору – пландоо жана эсептөөлөр кирет.

Кризистин экзогендик себептерине коньюктуралык экономикалык, социалдык-саясий факторлордун таасирлерин, атаандаштык жана контрагенттик кызматтардын аракеттерин киргизет.

**Г.Хандын изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары** [2]. Ал өзүнүн изилдөөлөрүн ишканалардын төлөөгө жөндөмсүздүк абалдарынын, алардын 205 инин базасында жүргүзгөн. Г.Хан кризистин эндогендик жана экзогендик факторлорун айырмалайт, ал тарабынан кризистин негизги себептеринин жыйырма бири негизделген (1-таблица).

**1-таблица**

**Г.Хан боюнча кризистин себептери**

| № | Банкрот болуунун себептери | Бүлүнүү-лөрдүн саны | Таасир этүү чөйрөлөрү | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | экзо-гендик | Экзоген/ эндогендик | эндо-гендик |
| 1 | Түзүүдөгү катачылыктар | 17 | - | 3 | 14 |
| 2 | Изилдөөнүн уландысы | 24 | 1 | 6 | 17 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Ишке ашпаган техникалык кайра куруулар | 1 | 1 | - | - |
| 4 | Өндүрүштүк үзгүлтүктөр | 2 | - | - | 2 |
| 5 | Тажрыйбасыздык | 6 | - | 1 | 5 |
| 6 | Жөндөмсүздүк | 28 | - | - | 28 |
| 7 | Ысырапчылык | 4 | - | - | 4 |
| 8 | Кызыл кулактык (спекуляция) | 2 | - | - | 2 |
| 9 | Алдамчылык | 2 | - | - | 2 |
| 10 | Жалкоолук | 7 | - | 1 | 6 |
| 11 | Өздүк жыргалчылык | 10 | - | 1 | 9 |
| 12 | Бир аз татаалдануу | 11 | - | 2 | 9 |
| 13 | Жабдып туруучудан көз карандылык | 1 | - | 1 | - |
| 14 | Негизги өндүргүчтөн көз карандылык | 11 | 9 | 1 | - |
| 15 | Ишкананы консервативдүү башкаруу | 9 | 6 | 3 | - |
| 16 | Капиталдын жетишсиздиги | 20 | 6 | 3 | 11 |
| 17 | Ишкананын кыйрашы | 3 | 1 | - | 2 |
| 18 | Чынчыл эмес кызматкерлер | 3 | - | - | 3 |
| 19 | Атаандаштык (конкуренция) | 2 | 2 | - | - |
| 20 | Өткөрүү көйгөйлөрү | 3 | 2 | - | 1 |
| 21 | Башкалар | 4 | 1 | - | 3 |
| | Бардыгы | 170 | 29 | 22 | 119 |

**Р.Лессинг жана В.Шветликтин изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары [3].** В.Шветлик жана Р.Лессингдин изилдөөлөрүнүн базасын "Менеджмент дүкөнү" (менеджмент бөлүмү) журналынын маалыматтары түздү. Көрсөтүлгөн журналдагы маалыматтарды анализдөөнүн негизинде, авторлор, кийинки корутундуга келишти:

- чечимдердин каталыгы, адистердин квалификациясынын жетишсиздиги, башкарууну жүргүзүүнүн жетишээрлик эмес сапаты, ошондой эле мотивдери;
- өндүрүштүк программаларды иштеп чыгууда кетирилген каталар;
- узак мөөнөттүү өнүгүүгө мүмкүнчүлүктөрдүн жана каражаттардын жетишээрлик эмес эсептелиши, маркетингдеги мүчүлүштүктөр;
- пландык жана информациялык системалардагы жетишпестиктер;
- ишкананы финансылык камсыздоо, жайгашуусунун ордун аныктоо, ошондой эле сырьёнун материалдар менен камсыздоо технологияларын чечүүдөгү катачылыктар.

**В.Реске, А.Врандерг жана Г.Мартисфеdo ранын изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары** 2-таблицада келтирилген [4].

**2 – таблица**

**В.Реске жана А.Врандерг, Г.Мартисфера боюнча кризистин себептери**

| **Ишкердүүлүк сферасы**<br>Төлөөгө мүмкүнчүлүгү жоктун алдын алуу | Ишкананын төлөөгө мүмкүнчүлүгү жоктугунун % жана сферасы | |
|---|---|---|
| | Ишкананын саны,% | Маанилүүлүгү, (салмагы) |
| **Ишкананын ички сфералары** | | |
| Ишкана жетекчилигиндеги кемчиликтер | 75,4 | 2,4 |
| Ишкананын түзүлүшүндөгү мүчүлүштөр | 64,4 | 2,2 |
| Камсыздоо бөлүмүнүн калпыстыгы | 25,0 | 2,0 |
| Камсыздоону өндүрүүдөгү кемчилик | 53,8 | 2,2 |

| | | |
|---|---|---|
| Сатып өткөрүүдөгү жетишпегендик | 66,7 | 2,2 |
| Каржылоодогу жетишпегендик | 80,3 | 2,3 |
| Персоналдын администрациясынын начардыгы | 23,1 | 2,1 |
| **Ишканалар аралык сфера** | | |
| Кредиттердин азабы | 29,5 | 2,1 |
| Жабдып туруудагы жетишпегендик | 20,1 | 2,0 |
| Заказчиктин кесепети | 48,4 | 2,4 |
| Атаандаштыктагы алсыздык | 18,6 | 2,3 |
| **Ишканадан сырткаркы сфера** | 55,3 | 2,2 |

Авторлор 1300 гө жакын банкрот болгон ишканаларды изилдешип, үч чөйрөнү айырмалашып, аларга тиешелүү кризистин себептерин төмөнкүдөй бөлүп карашат:

- ишкананын ичиндеги сфера;
- ишканалар аралык сфера;
- ишканадан сырткаркы сфера;

“Ишканадан сырткаркы сфера” боюнча тариф жана социалдык саясат экономиканын жалпы саясаты жана конъюктураны өнүктүрүү боюнча келип чыккан себептер мүнөздүү.

Авторлордун оюна ылайык, каржылоого, товарды сатууга жана заказчиктерге маанилүүлүк баскычы боюнча чоң маани берилет деп жыйынтыктоого болот.

**<u>И.Хаушилддин изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары</u>** [**5**]. И.Хаушилд тарабынан ишканалардагы кризистердин себептерине актуалдуу анализ жасалган, мында ал тарабынан ишканалардагы кризистердин себептеринин 12 тобу бөлүнүп көрсөтүлгөн (3-таблица).

Төмөндө сунуш кылынган ишканалардагы кризистердин себептери бир жактан алып караганда алардын көп санда болгондугуна байланыштуу, адаштыруучудай таасир калтырат. Бирок алардагы жалпы тенденцияны байкоого болот, бул болсо жыйынтыктарды чыгарууда аныкталган белгилер боюнча, комментарийлерди жасоого мүмкүнчүлүк берет.

**3-таблица**

**Хаушилд боюнча кризистердин себептери**

| Кризистин себептери | |
|---|---|
| 1-колонка | биринчи колонканын уландысы |
| 1.Ишкердин инсандыгы:<br>-бир адам башкаруучу;<br>-пессимизм;<br>-башкаруунун патриархалдык стили;<br>-оору, өлүм.<br>2. Башкаруудагы катачылыктар:<br>-бийликтин аз бөлүнүшү;<br>-катуу борбордоштуруу;<br>-көзөмөл кылуудагы катачылыктар;<br>-башкаруудагы жаңжалдар;<br>-менеджменттин флуктуациясы<br>3. Уюштуруу же конституция:<br>-көмүскө уюштуруулар;<br>- уюштуруулукка тиешелүү каталар;<br>- кызматкерлер менен жаңжалдар;<br>- туура эмес түзүмдөр.<br>4. Ылдам басып кирүүлөр:<br>- жүгүртүүнү күчөтүүгө жана рыноктун бөлүктөрүн ээлеп калууга болгон амбициялык аракеттер;<br>- эркин кубаттуулуктарды түзүү; | -жайгашуу, ордун туура эмес тандоо;<br>-имаратты ижарага алуунун ордуна шартталбаган курулуш иштери.<br>8. Персоналдын жетишсиздиги:<br>-персоналды тандоодогу катачылыктар;<br>-кадрлардын туруксуздугу;<br>-коллективдеги жаңжалдардан коркуу;<br>-конфликттерден коркуу, айлык акыны, айлык эмгек акынын көлөмүн, социалдык пландарды аныктоодогу жетишээрлик эмес катуулуктар;<br>-кызматкерлердин ишине, жөндөмдүүлүктөрүнө жөнү жок экономдоо.<br>9. Инвестициялардагы катачылыктар:<br>-туура эмес эсептөөлөр;<br>-инвестициялардын көлөмүн аныктоодогу катачылыктар;<br>-инвестицияларды өнүктүрүүнү коррупциялоодогу жетишпестиктер;<br>-өтө эрте же өтө кеч инвестициялар. |

| | |
|---|---|
| -шартталбаган тез өсүүлөр;<br>- даяр эмес продукция менен эрте чыгып алуу.<br>5. Сатып өткөрүүдөгү жетишпестиктер:<br>-жогорку же төмөнкү сапаттагы заманбап эмес продукцияларды түзүү;<br>-төмөнкү же жогорку туура эмес баа саясаты;<br>-коопсуз же өзгөрүлүүчү нарктын жоктугу.<br>6. Өндүрүштүн көлөмүндөгү жетишпестиктер:<br>- эскирүү, жаңы, бирок колдонулбаган технология;<br>-өндүрүштүк брактын жогорку деңгээли;<br>-өндүрүштү бөлүштүрүүнү жетишээрлик эмес башкаруу;<br>- өндүрүштүн төбөлдөрүнүн бир кылка эмес продуктыларга алмаштыруу менен катуу байланышы.<br>7. Чыгармачылыкта же логистикада жетиш-пестиктер:<br>-жабдып туруучулар жана сырьелук матери-алдардын булактары менен болгон байланыштар;<br>-материалдарды импорттоодо саясий жана валюталык тобокелдер; | 10. Изилдөөдөгү жана өнүктүрүүдөгү жетишпестиктер:<br>-начар изилдөө иштери жана өнүктүрүү;<br>-бул областардагы концепциянын жоктугу;<br>-жетишээрлик эмес же абдан катуу көзөмөл;<br>-жаңы нерселерди киргизүүнүн жоктугу;<br>-бул областтардагы начар бюджеттөөлөр;<br>11.Өздүк капиталдагы жетишпестиктер:<br>-жогорку пайыздык ченемдер;<br>-жоготуулардын ордун толтурууга мүмкүн эместиктер;<br>-финансылык абалды кайра баалоо.<br>12. Пландоонун жана контролдоо системасынын жетишпестиктери:<br>-бекемделген келишимдердеги катачылыктар;<br>-нарктагы жана эсептөөлөрдөгү катачылыктар;<br>-жыйынтыктарды жетишээрлик эмес түшүндүрүүлөр (үнөмдөө, продукциялар, клиенттердин тобу, филиалдар ж.б.).<br>-туура эмес финансылык план;<br>-пландын туура эмес проблемалары. |

Ошентип, **кризистин көп баскычтуу биринчи белгилери** деп, кризистин себептери катары таанылган, аныкталган деңгээлдеги окуялар кийинки деңгээлдеги себептерге таасир этүүчү факторлордун өз ара аракеттериинен топтолушун түшүнүүбүз керек.

**Экинчи белги-кризистердин себептеринин комплекстүүлүгү.** Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары кризистин себептеринин жогорку комплекстүүлүгүн көрсөтөт, бул өз кезегинде аларды сүрөттөп жазуунун бир топ татаалдатат.


**Үчүнчү белги – кризистин өнүгүүсүнүн көп кырдуу себептери.** Ишканалардагы кризистер бир эле себепке ээ эмес, ал эми ар кандай себептердин таасиринен улам келип чыгат.

**Төртүнчү белги – мультилокалдуулук.** Кризистин себептерин шарттуу түрдө эндогендик (ички) жана экзогендик (сырткы) деп бөлүшөт. Ошол эле убакта аларды ишкананын ичинен издей турган жана ишканалар арасынан таба турган себептерге бөлүшөт. Мында, алар ишкананы бүтүндөй кризиске алып келбестен, болгону анын бир жагын же бир жагынын бир бөлүгүн кризиске алып келет.

Окумуштуулар кризистин себептерин изилдөөдө колдо болгон статистикалык материалдарга, ошондой эле серепчилердин ойлоруна негизделишкен. Мында, кризистин болушун анализдөөчү сандар кокусунан тандоо менен чектелген, ошондой эле анализ субъективдүү критерийлерге багытталган. Мында, алар ишкананы бүтүндөй кризиске алып келбестен, болгону анын бир жагын же бир жагынын бир бөлүгүн кризиске алып келет.

Кризистин себептерин тиешелүү критерийлер менен баалоо ар кандай, ошондуктан жыйынтыктарды салыштыруу кыйыныраак.

Кыргыз Республикасында ишканалардагы кризистерди изилдөөнүн колдонуп, жогоруда көрсөтүлгөн авторлор тарабынан сунушталган анализдөөнүн жыйынтыктарын синтездөөнүн негизинде, аныкталган белгилер боюнча кризистин себептеринин классификациясын сунуштайбыз (1 -сүрөт).




1 - сүрөт. Ишканалардагы кризистин себептеринин классификациясы

Мисалы, биздин оюбузча, кризистин себептерин төмөндөгү белгилери боюнча топтоштурууга болот: саясий-экономикалык, соціалдык-экономикалык, уюштуруучулук – башкаруучулук, уюштуруучу-өндүрүштүк, сырткы-экономикалык, конъюктуралык, экономикалык-географиялык жана финансылык-экономикалык.

Саясий-экономикалык мүнөздөгү себептерге төмөнкүлөрдү киргизсек болот:

- бийликтин жетилбеген түзүлүшү; -саясий туруксуздук;
- жетилбеген каржы-кредиттик саясат;
- жагымсыз рыноктук конъюктура;
- рынок инфраструктурасынын өөрчүбөгөндүгү;
- инфляция.

Соціалдык-экономикалык мүнөздөгү себептерге төмөнкүлөр кирет:

- коомдун чыцалган абалы;
- кедейликтин жогорку деңгээли;
- калктын төлөөгө болгон мүмкүнчүлүктөрүнүн төмөнкү деңгээли;
- коомдогу жаңжалдуу очоктордун болушу;
- калктын раціоналдуу эмес демографиялык курамы.

1 - сүрөттө келтирилген себептердин ичинен саясий-экономикалык, соціалдык-экономикалык жана экономика-географиялык себептерди сырткыга кошсок болот. Ал эми уюштуруучулук-башкаруучулук, уюштуруучулук-өндүрүштүк жана финансылык – экономикалык ички деп атоого болот. Алардын ар бири же тобу, аз же көп санда ишканлардагы кризистердин өөрчүшүнө таасир этет. Алардын ичинен кеңири таралган себептер изилдөөдө көрсөтүлгөндөй, ички себептерге кирет. Алардын ичинен басымдуулук кылуучу себеп болуп “башкаруудагы каталар” эсептелет. Менеджмент, башкаруу, ишкердик жетекчиликтеги мүчүлүштөр – кризистик толкундун негизги себептери.

Мында, себептерди анализдөөнүн маңызы: түзүлгөн кырдаалды ачык айкындоо, себептерди туура аныктоо жана аларды баалоо, кризистин симптомдорун таанып-билүү, каптап келе жаткан кризисти таба билүү жана андан жабыркабоонун же аны жоюу боюнча тиешелүү чараларды көрүүгө негиз түзүү болуп эсептелмекчи.

## Адабияттар


1. Fleede-Altof T. Die notleidende Unternehemung Bd. Krankeiseinungen und Krankeinursachen. Stuttgard,1930. 7s.
2. Hahn R. Das Unternehmen in der Kriese Bad. Harzburg, 1974.307s.
3. Schwetliiek W.,Lessing R. Bilanz Versagens. Jn: maneger-magazine 3. 1977. 30 s.
4. Mortsichfer H. Insolvenzursachenund und Insolvenzropylake in mittelstandise Betrieben. Dortmund, 1982. 10s.
5. Hauschild J.Aus schaden klug. Jn: Manager-Magazin 10.1983.144s.